
# Үйүбүз сатылбасын




Автор: Гулнора Холматова
Сүрөтчү: Ильяз Абдыжапаров

# Үйүбүз сатылбасын

Автор: Гулнора Холматова
Сүрөтчү: Ильяз Абдыжапаров

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023


Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Үйүбүз сатылбасын" (кыргыз тилинде), автор Гулнора Холматова, сүрөтчү Ильяз Абдыжапаров


Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Бекболот менен Умар дайыма чогуу жүрүшөт. Алар кошуна жашашат. Мектепте бир партада отурушат. Мүнөздөрү да аябай окшош. Алардын апалары да ынтымактуу. Бири-биринин үйүнө бат-бат кирип турушат...

...Капысынан Умардын апасы ооруп калды. Апасын борбор шаарга дарылануга алып жөнөштү. Умар эки эжеси менен коңшу айылдагы чоң энесинин үйүнө кетишти. Ошол күндөн баштап Бекболоттун көңүлү чөктү. Ага күндөр кызыксыз өтүп жатты...



Бир күнү Бекболот ойгонсо, апасы тамак даярдап жүрүптүр. Карындашы ыйлап калды.

– Балам, Айчүрөктү карап койчу, – деди апасы.

Ал бөбөгүн жетелеп сыртка чыкты. Умарлардын короосу жактан бирөөлөрдүн үндөрүн угуп калды. “Досум келген окшойт” деп ойлонгончо:

– Бекболот?! – деп кыйкырып калды Умар.

– Умар, силер келдиңерби?! – деп шашыла үн катты.

– Ооба, келдик. Ойнойлубу?

– Айчүрөктү үйгө киргизип келейин.

– Макул, тезирээк кел.

Маанайы суз жүргөн Бекболот заматта башкача боло түшүп:

– Апа, Умар досум келиптир. Бара берейинби? – деп сурап калды.

– Бара кой, балам.

Бекболот Умардын дарбазасына учуп жетти. Ал да досун утурлай жаркылдап тосуп чыкты.

Умар шаардан алып келген белектерин досуна берди. Эки достун кубанычында чек жок эле...

Эки дос мурдагыдай жайдары. Алар болгон жаңылыктарды бири-бирине шашыла айтып жатышты.

– Умар, эмнеге көпкө чейин келбей жүрдүңөр?

– Апам ооруп кайра-кайра дарыланды, – улутуна жооп берди ал.

Бекболот түшүнгөндөй досуна карап койду.

– Мен сага алыста көпкө жүргөндөй болдумбу? – деди Умар.

– Ооба, аябай...






– Ээ, сен билбейсиң... – деп олуттуу бир нерсе айтчудай токтоп калды.

– Эмнени?

– Биз үйүбүздү сатып, Бишкекке көчө турган болгон элек.

– Билем, дарбазаңарда “Үй сатылат” деген жазууну көргөндө, эч кимге көрсөтпөй ыйлагам... Эми кетпейсиңерби?

– Атам-апама “Көчпөй эле коелучу” деп кайра-кайра сурангам. Ошондо чоң энем: “Баарыбыздын эле тилегибиз ошондой. “Ниет, тилек кыл, жаштын тилегин берет” деген болчу. Ошондон бери “Апам оорубасын, үйүбүз сатылбасын!” деп тилеп жүрөм...

– Үйүңөр сатылбай эле койсунчу!..


Атаңдар “кетебиз” – дешсе деле, сен кетпей эле койбойсуңбу, Умар? Мен сага жардам берем.

– Кантип?..

– Мен да “Умардын апасы оорубасын, үйлөрү сатылбасын” деп тилек кылам, – деди Бекболот.

– Менде дагы бир сонун идея бар!..

Экөө Умардын үйүн көздөй чымылдап чуркап жөнөштү. Бир аздан кийин дарбазанын сыртындагы “Үй сатылат” деген жазуу көрүнбөй калды...



АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Гулнора Холматова
Сүрөтчү: Ильяз Абдыжапаров

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

| | |
|---|---|
| 1-класс | 1.1 деңгээли |
| | 1.2 деңгээли |
| | 1.3 деңгээли |
| 2-класс | 2.1 деңгээли |
| | 2.2 деңгээли |
| 3-класс | 3.1 деңгээли |
| | 3.2 деңгээли |
| 4-класс | 4.1 деңгээли |
| | 4.2 деңгээли |